**Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын "Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005)" деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына расмий оппонент тарых илиминин кандидаты Өмүрова Жүрсүн Касымбековнанын**

**ПИКИРИ**

1. **Дисертациянын актуалдуулугу.**

1991-жылы 31-августта Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде Мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө декларация кабыл алынып Кыргыз Республикасы көз карандысыз эгемендүү демоктратиялык суверендүү мамлекет катары салтанаттуу жарыяланган. Кыргызстандагы эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары демократиялык реформалардын мезгилиде, биринчи кезекте Конституцияны иштеп чыгып кабыл алуу, мамлекеттик атрибуттарды аныктоо, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу институттарын, жарандык коомду түзүү милдеттери турган.

1991 - 2005- жылдар аралыгындагы Кыргызстандын коомдук саясий жашоосунун өнүгүүсүнүн баскычтарын, жетишкендиктерин жана кетирлген каталарын изилдөө азыркы күндүн талабы. Анткени бул жылдардын ичинде Эгемендүү Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшү үчүн пайдубалы түптөлгөн.

Кыргыз Республикасынын 1991 - 2005- жылдар аралыгындагы коомдук саясий турмушунун өнүгүүсүн хронологиялык иреттүүлүктү сактоо менен жазуу жана демократиялык коомдун калыптанусун, жарандардын саясий социалдашуусуна тийгизген таасирин аныктоо, саясий тутумду, саясий жашоонун өнүгүшүндөгү мыйзам ченемдерди изилдөө диссертациялык теманын актуалдуулугун негиздейт.

Диссертант эгемен Кыргыз Республикасынын 1991 - 2005- жылдардагы коомдук - саясий турмушунун калыптануу жана өнүгүү мезгилинин объектиси катары кароо менен Кыргызстандын саясий системасын, мамилелерин жана саясий процесстерин изилдөөгө алган. Аны менен катар Кыргызстандын коомдук саясий турмушунун көйгөйлүү маселелерине арналган илимий эмгектерди тарых илиминин ыкмалары менен тарыхый көз карашта изилдеп комплекстүү кароо менен илимий иштин актуалдуулугун негиздей алган.

2. **Диссертацияга коюлган талаптардын чегиндеги илимий жыйынтыктар.** Арзыматова Анаркуль Жумадиловна изилдөөнүн жыйынтыктарын, корутунду пикирлерин негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Ал ар төмөнкүлөр менен тастыкталып турат:

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
входящий № 04-8/32
«4» 03 2024 ж.г.

*1- жыйынтык.* 1991-2005-жылдардагы Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунун өнүгүүсү боюнча тарыхнаамалык эмгектери менен изилдөөнүн булактык базасы талдоого алынган.

*2- жыйынтык.* 1993-жылы кабыл алынган КР Конституциясы Президенттик, аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийликтеринин өлкөнүү башкаруудагы ордун аныктоо менен көз карандысыз Кыргыз Республикасынын калыптануусу юридикалык негизде аяктаган деген жыйынтык чыгарылган.

*3-* жыйынтык. Саясий жана социалдык-экономикалык системаларды түп-тамырынан бери өзгөртүү контекстинде коомду демократиялаштыруу, мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун эски органдарын трансформациялоо жана жаңы органдарын түзүү процесси изилденген.

*4- жыйынтык.* Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушун тарыхый жана саясий аспектиде изилдөөнүн негизиде демократияны орнотуу механизмдери, трансформация процесси талдоого алынган.

*5- жыйынтык.* Кыргызстан эгемен мамлекет болгон кийин мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот бийликтери калыптанып, республиканын саясий жактан олуттуу өзгөрүүлөр киргизилген. Бир партиялуу система көп партиялуу системага алмаштырылды. 1991 – 1993-жж. Кыргыз Республикасынын Конституциясында эркин шайлоонун жана көп партиялуу системанын негиздери түзүлгөн. Өлкөдө көп партиялуулук принциби сакталганы менен, саясий партиялардын өлкөнүн коомдук – саясий, социалдык – экономикалык өнүүгүсүнө таасири дээрлик жок экендиги жана негизинен саясий партиялар парламенттик шайлоолордун алдында пайда болгондугу далилденди.

*6- жыйынтык.* 2005 – жылдагы март окуяларына объективдүү баа берилип, 24 – марттагы окуялар классикалык социалдык революция эмес, революциялык кырдаалдын айрым белгилерин коштогон окуя деген бүтүм чыгарылды.

**3. Диссертацияда чыгарылган жыйынтыктын (илимий жобонун) корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

*1- корутунду.* Эгемендиктин алгачкы жылдарында Кыргызстан жетекчилигинин алдында демократиялык өнүгүүнүн түрк, кытай, чыгыш европалык, шведдик, швейцариялык же япон моделин тандоо меселеси турган. Кыргыз Республикасынын президенти тарабынан “көп кылымдык улуттук тажрыйбанын жакшы жактарын эске алуу менен биздин шартка ыңгайлуу чет өлкөлөрдүн демократия жолундагы тажырыйбасын айкалыштырган айкалыштырган “Кыргыз демократия жолу” деген саясий өнүгүү жолу тандалган.

*2- корутунду.* Саясий чөйрөдө олуттуу өзгөрүүлөрдү жүргүзүү үчүн мыйзамдарды жана жаңы конституцияны кабыл алуу маселесин биринчи кезекте ишке ашыруу керек эле. 1993-ж. 5-майда кабыл алынган Кыргыз

Республикасынын Конституциясы көз карандысыз Кыргызстандын саясий башкаруу институттарын аныктаган. Кыргызстандын коомдук-саясий системасын эгемендик мезгилиндеги трансформацияланышы мыйзам ченемдүү көрүнүш болгон.

*3- корутунду.* Кыргызстандын саясий тажрыйбасы көрсөткөндөй, демократиялык институттарды иштөө практикасын жана стандарттарды механикалык түрдө көчүрүп кабыл алуу мүмкүн эместигин далилденди.

*4- корутунду.*Перзиденттин күчөтүлгөн бийлиги 1998-жылкы жана 2003-жылкы Конституцияда да сакталып калган. Бийлик бутактарынын ортосундагы тең салмактуулуктун реформалоо жолдору менен бузулушу Президенттик бийликтин ыйгарым укуктарын күчтөндүрүү менен бекемдөөгө алып келген. Бирок 1991-2005-жылдардагы Президенттик бийликти күчтү авторитардык бийлик деп аныктоого болбойт. Кыргызстандын саясий системасынын өнүгүү деңгээлин мүнөздөгөн тенденция катары саясий бийликтин оппозициянын таасирин чектөөгө умтулуусу болгон. Бул өлкөдөгү демократиялык негизде өнүгүүнүн принциптерине карама-каршы келип, 2002-2005-жылдардагы Президенттик бийликтин башкаруусундагы кризисттин күч алышынын негизги фактору болгон.

*5- корутунду.* 1991–2005- жж. аралыгында Конституцияга улам өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүүсү, жаңыдан түзүлүп жаткан саясий системанын алсыздыгын, кайра куруу процесстеринин туруксуз мүнөзүн көрсөтүп турду. Мыйзамдардын иштебегени коомдук саясий турмуштун туруктуу өнүгүшүнө өз таасирин тийгизди. Конституциянын улам-улам алмашуусу элдин мыйзамдуулукка болгон ишенимин кетирди.

*6- корутунду.* 1991 – 2005 жж. Кыргыз Республиксынын коомдук саясий өнүгүсүнө таасир эткен чыр-чатактар жана тирешүүлөр саясатчылардын ортосундагы байланыштын жана ишенимдин жоктугунан келип чыккан. Саясий маселелерди чечүүдө оппозиция менен бийлик өкүлдөрүнүн ортосунда диалог болгон эмес.

**4. Диссертациялык иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин баалоо.**

Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын “Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005)” деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациялык ишинин кол жазмасында тарых наамалык жана булактык базасы илмий талдоого алынган. Изденүүчү тарабынан айрым архивдик материалдар илимий айланпага киргизилип, маселени чечүүдө жаңы көз караштар сунушталган. Ошондой эле 1991 -2005 жж саясий системадагы реформаларды этаптарга бөлүү менен саясий

системанын өнүгүүсүн конструктивдүү талдоо жүргүзө алган. Диссертация киришүүдөн, төрт баптан, 8 параграфтан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Илимий иштин структурасы анын максаттарына жана милдеттерине ылайык келет

**5. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетиштүү толуктугун ырастоо.**

Диссертациянын негизги жоболору жана корутундулары автордун 12 илимий макаласында чагылдырылган жана комиссиясынын кандидаттык окумуштуулук даража берүү боюнча КР УАКтын талаптарына жооп берет.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус жана англис тилиндеги резюмелери бирдей. Жасалгаланышы КР УАКтын талаптарына туура келет.

**7. Диссертациянын мазмуну жана жасалгаланышы боюнча кемчиликтери.**

Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын диссертациялык иши жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен катар эле айрым бир мүчүлүштүктөр кездешет:

1. Диссертациялык эмгек кыргыз тилинде жазылгандыктан, айрым орус тилиндеги сөздөрдү кыргыз тилине которуп жазуу керек. Ошондой эле, орус тилинен алынган сөздөрдүн мааниси өзгөрүп кеткен. Андыктан, котороода аларды толуктап, тыкыр маани берип, түшүндүрмөлөрүн берип коюу зарыл.
2. Диссертациянын текстинде грамматикалык, стилистикалык жана башка майда барат мүчүлүштүктөр учурайт.

Бирок айтылган кемчиликтер диссертациянын жалпы илимий деңгээлин төмөндөтө албайт.

**8. КР УАКтын диссертацияларга койгон талабына жооп бериши.**

Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын диссертациялык кол жазмасы жогоруда аталган айрым мүчүлүштүктөргө карабастан, өз алдынча жогорку илимий теориялык деңгээлде даярдалган, илимий эмгектерге коюлуучу талаптарга жооп берген, мазмундуу, азыркы жаңы, заманбап көз караштa жазылган диссертация деп эсептесе болот жана Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет. Изденүүчү Арзыматова Анаркуль Жумадиловна 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу

**Тарых илимдеринин кандидаты** **Өмүрова Ж. К.**

«28» февраль 2024 жыл.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ
И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ